
**Окутуунун пландаштырылган максаттарынын коюлушу**

Кыргыз РеспубликасынынӨкмөтүнүн2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен Жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты бекитилген. Ушул стандарт боюнча К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин жалпы жамааты иш алып барууда.






Мамлекеттик стандарт-билим берүүнүн реформасын аныктаган негизги документтердин бири. Анткени буга чейин окутуунун мазмунун аныктаганда билимге басым жасалса, эми азыр билимдин натыйжасына, окуу процессинде балдар алган билимин турмушта колдоно алабы, тактап айтканда жаңы предметтик стандарт окуучунун мектепте алган билимин иш жүзүндө пайдалана билүүгө багытталат.

**Жалпы мамлекеттик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты:**

- Бардык билим берүү чөйрөлөрүндө мектептик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде белгиленген максаттарды ишке ашырууну камсыз кылуучу;
- Билим берүү процессин жөнгө салуучу;
- Билим берүү системасынын өнүгүүсүн улуттук жана регионалдык деңгээлде камсыз кылуучу ченемдик документ.

Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде башталгыч мектептин предметтик стандарттары иштелип чыккан. Предметтик стандарт-бул

окуучулардын билим алуу натыйжаларын, аларга жетишүүнүн ыкмаларын жана предметтин алкагында өлчөөнү регламенттөөчү документ.

Жаңы муундагы предметтик стандарттарда предметти предметтик компетенттүүлүктөр түрүндө, бала натыйжада ушул предмет боюнча эмнени билүүсү, жасай билүүсү керек экендигинин тизмесин окуп үйрөнүү максаты берилет.

Компетенттүүлүк-адамдын белгилүү бир кырдаалда илимдин ар кандай элементтерин жана жөндөмдөрүн өз алдынча колдонуудагы интеграцияланган жөндөмдүүлүгү.

Жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, мектепте билим берүү окуучуларда үч негизги компетенттүүлүктү калыптандырышы керек:маалыматтык, социалдык-коммуникативдик жана өзүн-өзү уюштуруу жана булар ийгиликтүү окуужана кесиптикчиликке ээ болууга татыктуу деңгээлде болушу керек.

**Маалыматтык компетенттүүлүк**-өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу, жүйөөлү тыянактарды калыптандыруу үчүн маалыматты пайдаланууга даяр болушу. Адамга сындуу андап түшүнүлгөн маалыматтын негизинде аң сезимдүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берет.

**Социалдык -коммуникативдик компетенттүүлүк**-өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен шайкеш келтирүүгө даяр болуу, көз караштардын ар түрдүүлүгүн таануу менен башка адамдардын баалуулуктарын сый-урмат менен мамиле кылуунун негизинде цивилизациялуу өз пикиринде туруу. Диалогдо зарыл маалыматты

Scanned by TapScanner

алууга даяр болуу жана жеке, социалдык жана кесиптик көйгөйлөрдү чечүүдө аны жазуу жүзүндө жана оозеки түрдө бере билүү.

**Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү-** маалыматтагы, окуу жана турмуштук кырдаалдагы карама-каршылыктарды табууга даяр болуусу жана ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенип чечүү, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу.

**Калыптанган негизги компетенттүүлүк үч деңгээлге бөлүнөт:**

**1- репродуктивдүү деңгээл** –окуучулардын үлгү боюнча иштей билүү көндүмү;

**2- продуктивдүү деңгээл-** курамы боюнча жөнөкөй ишти аткарууга, башка кырдаалда иштин өздөштүргөн алгоритимин колдонууга жөндөмү менен мүнөздөлөт;

**3-креативдик деңгээл-** татаал курамдуу ишмердикти аны өз бетинче түзүп алуу жана негиздөө элементтери менен ишке ашырууну билдирет.

2018-2019-окуу жылында 5-6-класстын окуу китептери апробациядан өтүп, окуу китептеринин апробациясы иштелип чыкты. Окуу китеби, окуу программасы менен камсыз болушту.Мектептин китепканачысы Н.Ногойбаева да бул китептерди окуучуларга таратып берди.





«Мамлекеттик стандарт» долбоору боюнча башталгыч класстын мугалимдери окуп келишти. Окуп келген мугалимдер башка мугалимдерге семинар өтүп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү



Календардык план, күнүмдүк планды ушул долбоорго ылайык түзүп жазышты. Бул долбоордо үч предметтин: математика, кыргыз тили жана адабияты, мекен таануу сабактарынын стандарты түзүлүп берилген. Ушул үч предметтин негизинде максаттуу иш алып барып жатышты. Бул долбоордун өзгөчөлүгү окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө карата иш алып баруу. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө карап, билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштешти.

Малекеттик стандарт боюнча сабактар өтүлүп, тажрыйба алмашуу болду. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр жөнүндө кошумча маалыматтар берилди. Сабактын кайсыл учурунда, кайсы компетенттүүлүктү колдонгондугун түшүндүрүштү.

Scanned by TapScanner

5-класска «Ондук бөлчөктөрдү кошуу жана кемитүү» деген темада көрсөтмөлүү сабак өтүлдү, теманы окуучулар түшүндү. Мен ушул сабакты интерактивный проектр менен бөлчөктөр боюнча суротторду көргөзүп аларды талдоо аныктамасын үй тапшырмасын далилдетип айттырдым. Жаңы теманы түшүндүрүп доскага эсеп чыгру менен бийик тоого жетүү максатым болчу жеттим. Балдарга түшүндүрүп, ой жүгүртүүсүн өстүрдүм.



5-класс менен бирдикте «Зомбулукка жол жок» деген темада тарбиялык сабак өтүлдү окуучулар терс каармандардын ролун аткарып, оор кыйынчылыктан чыгуу, жакшы сапаттарды кабыл алуусу максатына жетүү жана тарбиялык мааниси чоң болду.








Scanned by TapScanner

7-класска «Квадраттык теңдеме» деген темада ачык сабак өтүлдү окуучулар интерактивный доска менен иштеп бардык окуучулар активный жооп беришип сабак абдан жакшы болду.








Scanned by TapScanner

Ата-энелер университетинен «Адамдык маданият» деген темада ата-энелер, окуучулар жана мугалимдин талкулоосунда сонун дискуссия сабак өтүлдү окуучулар, ата-энелер өз ойлорун айтып кызыктуу маек курулду.





Scanned by TapScanner